



24 сүр.

## Кан кетүүнү жгуттун жардамы менен токтотуу

***Жгуттар коркунучтуу!***
Аларды аргасыз абалда гана колдонгула
Эни беш сантиметрден кем эмес 2-3 кат кездеменин кесиндисинен жгут жасагыла
Жип, нейлон, аялдардын байпагын же зым колдонбогула (22-сүр.,кара).

Жгутту жараттан өйдөрөөк буту-колдун соо бөлүгүнө жылмышпагандай таңгыла.



25 сүр.

Таңгычты эки жолу ороп, анын учтарын бири биринин үстүнө коюп, анан аларды кайчылаштыргыла.

Кыска бекем таякты же кайчыны алып, аны кездемедеги жарты түйүнгө туурасынан койгула да, кездеменин эки учун таяктын үстүнө чийе байлагыла.

Жгутту тартыш үчүн таякты айланткыла. Аны кан токтогуча айланта бергиле.



26 сүр.

Жгут жакшы кармалыш үчүн таяктын бир башына кездеменин кесиндисин байлап, аны бекем таңгыла.

***Жгутту койгон убактысын так жазылган кагазды жгуттун астына бастырып койгула. Жгутту кийим же жууркан менен жаппагыла. Жарадар адамды тезинен дарылоо мекемесине жеткиргиле.***